Ош шаардык ИИБнын
тергөө кызматы
Чыг. № 32/3-3101
24. 04. 2024ж.

**М А А Л Ы М А Т**

**02-041-2024-001170 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: 2024-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынан жолдомо каты келип түшкөн, анда 2024-жылдын 22-апрелинде "Фейсбук" социалдык тармакта Асель Набиева Кыргыз Респубbликасынын Жогорку Кенешине Ош шаарынын бир мандаттуу шайлоо округунда талапкерлердин арасында банги зат боюнча мурда соттолгон талапкер бар деген деп макала жарык көргөнүн билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001170 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

2024-жылдын 22-апрелинде "Фейсбук" социалдык тармакта Асель Набиева тарабынан жарыяланган макаланы аныктоо максатында, тиешелүү кызматтарга тапшырмалар берилип, азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**02-041-2024-001171 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: 2024-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынан жолдомо каты келип түшкөн, анда 2024-жылдын 22-апрелинде "STAN RADAR" интернет сайтында "Кыргызстандагы шайлоодо орусияга каршы риторика колдонулуда"-деген макала жарык көргөндүгү, себеби Ош шаарындагы бир мандаттуу №7-шайлоо округу боюнча, КРнын Жогорку Кенешинин депутатын шайлоо алдындагы талапкерлердин дебаты учурунда, талапкер Лилиенталь Юлиянын сүйлөгөн сөзүнөн кийин, талапкер М.Маматкуловдун жардамчысы Ю.Лилиентальга карата сын айтып тынчсыздангандыгын билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001171 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, УТРКда Ош шаарындагы бир мандаттуу №7-шайлоо округу боюнча, КРнын Жогорку Кенешинин депутатын шайлоо алдындагы талапкерлердин дебаты учурунда, талапкер Лилиенталь Юлиянын сүйлөгөн сөзүнөн кийин, талапкер М.Маматкуловдун жардамчысы Ю.Лилиентальга карата сын айтып тынчсыздангандыгын башкача айтканда ал жардамчы "Сиз азыр айтып жатасыз - мен Орусия менен, Германия менен иштеп жатам. Сиз орус жаңылыктарын көрүп жатасызбы? Азыр биздин депутаттардын абалы кандай? Биздин дипломаттардын үйүнө эки милиционер келип, аялы менен балдарын сабап салышкан. А сен болсо унчукпайсың. Кыргызда макал бар; мамлекеттик тилди эки адам билбейт, бири баскынчы, экинчиси акмак. «Биринчиден, кыргыз тилин жакшы билишиң керек жана сүйүшүң керек»-деп билдирген.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**02-041-2024-001172 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: Ош № 07-округдук шайлоо комиссиясынын терагасы К.Т.Бердибекова маалымат жиберген. Ал маалыматта 21.04.2024-жылы "Фейсбук" социалдык тармакта Асель Набиева, КРнын ЖКнын Ош шаарынын бир мандаттуу шайлоо округунда талапкерлердин арасында административдик ресурс колдонуп жаткандыгы туралуу фактылар бар деп билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001172 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, талапкерлердин арасында ким административдик ресурс колдонуп жаткандыгын аныктоо боюнча тергөө тапшырмасы берилген.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**Ош ШИИБдин Тергөө кызматынын башчысы**
**милициянын полковниги** **К.Тургуналиев**

Сканировано с CamScanner